**УДК 37.0 https://doi.org/10.56122/..v2i2.241**

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫ АРКЫЛУУ БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАКТАН ДАЯРДОО
# ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПОДГОТОВКА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ЧЕРЕЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА
# ETHNO-PEDAGOGICAL PREPARATION OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS THROUGH THE WORKS OF CHINGIZA AITMATOVA

***Матисманова Айжамал Усөновна***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети***
**azem.perish@gmail.com**
***Orcid: https://orcid .org/0009-0002-2846-8038***

**Аннотация**: Бул макалада башталгыч класс мугалимдери окуучуларга жазуучубуз чыгармалары аркылуу этнопедагогикалык жактан тарбия берүү аркылуу балдарды маданияттуулукка, күжүрмөндүккө, ынтымакка, мугалимдерди сыйлоого тарбиялайт. Макалада мугалимдин кадыр- баркын көтөрүүнү, мурда окутуучулар канчалык кадыр - баркка ээ болгон болсо ошончолук барктуулугун кайтарууну максат коёт. Мугалим бул түбөлүктүү жан, ал балдардын жан дүйнөсүндө өмүр бою сакталат деп айтылат. Ч.Айтматов бир эле кыргыз эли эмес дүйнөлүк элдерди да таң калтырып, ийгиликтерди жаратып өзүнүн оюн, тилектерин, түйшүктөрүн, жашоо -турмушун баяндап элге жеткирип турган. Чынгыз Айтматов залкар жазуучу гана эмес публист, журналист катары чыгармалары аркылуу түшүнсөк болот. Чынгыз Айтматов Шекер айылындагы окуучу мезгилин да көз алдынан өткөрүп, андагы мугалимдердин кадыр барктуулугун ,окуучулар мугалимди көргөндө сый урматтуу адам катары мамиле жасоосу да аны суктандырып өттү. Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл- ойлордун, ишеним-идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-ара- кеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен.

**Ачкыч сөздөр:** башталгыч класс, чыгарма, этнопедагогика, каада- салт, тарбия ж.б**.**

**Аннотация**: Аннотация: В данной статье учителя начальных классов воспитывают учащихся этнопедагогическими методами через произведения наших писателей, воспитывают в детях вежливость, трудолюбие, согласие, уважение к учителям. Цель статьи - поднять достоинство учителя, восстановить достоинство учителей в той мере, в какой они были раньше. Говорят, что учитель – вечная душа, она остается в душе детей на всю жизнь. Ч. Айтматов удивлял не только кыргызский народ, но и народы мира, творя успех и передавая народу свои мысли, желания, заботы, жизнь. Чингиз Айтматов не только великий писатель, но и публицист и журналист, что можно понять через его произведения. Чингиз Айтматов учился в селе Шекер и был впечатлен респектабельностью тамошних учителей и тем, как ученики относились к учителю как к уважительному человеку. Поэтому народная педагогика — это не только смесь мыслей, верований и идеалов в области воспитания и образования, но это, прежде всего, особое явление, включающее в себя практическую педагогическую деятельность народа, направленную на формирование этих идеалов.

**Ключевые слова:** начальная школа, труд, этнопедагогика, традиция, воспитание и др.

**Abstract:** In this article, primary school teachers educate students through the works of our writer in a way that promotes culture, hard work, harmony, and respect for teachers. The article aims to raise the prestige of teachers and restore their prestige to the same level as teachers had in the past. It is said that a teacher is an eternal soul, and he will remain in the souls of children for life. Ch. Aitmatov amazed not only the Kyrgyz people, but also the people of the world, creating success by telling and conveying his thoughts, dreams, worries, and life to the people. Chingiz Aitmatov is not only a great writer, but also a publicist and journalist through his works. Chingiz Aitmatov also experienced his student days in the village of Sheker, and was impressed by the prestige of the teachers there, and the way the students treated the teacher as a respectful person. Therefore, folk pedagogy is not only a collection of ideas, beliefs and ideals in the field of upbringing and education,

but, first of all, it is a special phenomenon that includes the practical pedagogical activities of the people aimed at the formation of these ideals.

**Keywords:** primary school, work, ethnopedagogy, traditions, upbringing, etc.

Бүгүнкү заманбап билим берүүдө окуучулардын таалим- тарбиясы өзгөчө мааниге ээ. Анткени, интернет менен жашап жаткан окуучулардын жүрүм- турумунда кээде батыш өлкөлөрүнүн маданиятын сиңирип жаткандай. Ар түрдүү фильмдерди көрүп, ошолорду идеал туткан окуучулар да жок эмес. К.Д.Ушинскийдин пикири боюнча, нукура тарбия балдардын улуттук сыймыгын өнүктүрүүгө багытталууга тийиш. Бирок ал башка элдерди жек көрүүгө, кемсинтүүгө таянган элементтерден оолак болууга тийиш-дегендей, башка элдердеги туура мадиятты кабыл алуу менен кыргыз элинин менталитетиндеги тарбияны эстен чыгарбоого тарбиялашыбыз керек.[1,27]

Билим берүүнүн максатында элдик педагогика менен тарбиялоо каралган. Биз бул макалада башталгыч класста Айтматовдун чыгармаларындагы элдик тарбиянын берилишин талдоого алдык. Элдик тарбия этнопедагогикада берилет.

Элдик педагогика- бул баарыдан мурда тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөлгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө системасы. Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл- ойлордун, ишеним-идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен.

Элдик педагогика- бул улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан- муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш- аракеттердин бөтөнчө системасы.[2,7]

Чыңгыз Төрөкулович Айтматов кыргыз эл баатыры, белгилүү кыргыз жазуучусу, 20-кылымдын Борбордук Азиядагы эң ири жана көрүнүктүү жазуучуларынын бири. Анын чыгармалары көптөгөн тилдерге которулуп, башка элдерде да кеңири таанылган. Айтматов адамдын татаал тагдырлары, инсандар аралык мамилелер, турмушта башынан кечирген окуяларды, ошондой эле социалдык жана маданий кайра жаралуулар жөнүндө жазган. Өз чыгармаларында адеп-ахлак, инсандык, абийир жана жашоонун маңызын издөө маселелерин козгогон. Анын чыгармаларында көбүнчө адамдын жаратылыш жана маданий мурастар менен байланышы, достук жана сүйүү маселелери, тарыхый окуялар чагылдырылган. Ааламдашуу жана маданий интеграция шартында элдердин этникалык өзгөчөлүктөрүн, кайталангыс салттарын жана тарбиялык идеалдарын сактоо жана өткөрүп берүү өзгөчө маанилүү. Кыргыз элинин каада салтын, үрп –адатын, баалуулуктарын, улуттук өзгөчөлүктөрдү элдик педагогика, башкача айтканда этнопедагогика изилдейт. Андай этнопедагогикалык таалим-тарбия Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында көп кездешерин билебиз. Демек, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары болочок башталгыч класстардын мугалимдеринин этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун негизи болуп саналат.

Чыңгыз Айтматов таланттуу прозаик катары гана эмес, өзүнүн чыгармалары аркылуу адам жашоосуна, анын тышкы дүйнө, жаратылыш жана коом менен болгон мамилелерине байланышкан терең философиялык, адеп-ахлактык проблемаларды козгогон ойчул катары да таанылды.

Анын көптөгөн эмгектеринде кыргыз элинин этникалык өзгөчөлүктөрү жана маданий салттары чагылдырылгандыктан, келечектеги мугалимдерди, өзгөчө башталгыч класстын балдары менен иштей турган мугалимдерди тарбиялоо үчүн баалуу булак болуп саналат. Чыгармалары аркылуу балдарда жоопкерчиликти, чынчылдыкты, улууну, табиятты сыйлоону, эң маанилүү инсандык сапаттарды калыптандырууга жардам берет, эмгектерин окуу процессинде колдонуу келечектеги мугалимдерге балдарды көп маданияттуу жана тез өзгөрүп

жаткан дүйнөдө жашоого натыйжалуу даярдоого мүмкүндүк берет, мында өз маданиятын урматтоо, түшүнүү жана сүйүү баалуулуктары негизги ролду ойнойт.

Башталгыч мектепте 4-класстын Адабий окуу китебинде “Улуу Манасчы – Саякбай Каралаев” деген эскермесинде кыргыз элинин талантты кандай баалагандыгын, манасчы Саякбайдын күндөп- түндөп манас айтканын, анын түшүнө аян бергенин, көчмөн элдин турмушун баяндайт. Анын көрөгөч-көсөмдүгү башталгыч класстагы бир канча чыгармаларында көрүнүп турат.

Кыргыз элинде аян деген түшүнүк бар. Аян -деп алдын ала жакшылык же жамандык боло тургандыгын билгизген жышаан, белги. Аян түштө берилип, турмушта ишке ашат деген ишенимдер да. Аны 4-класстын окуу китебинде “Улуу манасчы- Саякбай Каралаев” деген чыгармасы менен мисал келтирсек болот. Анда кыргыз элинин талантты баалагандыгы Саякбай келгенде клубдун алдындагы секиге отуруп, Манас айта баштаганда мандаш урунуп, жерге отуруп, ат үстүндө да отуруп, машинанын үстүндө да жамгырдын жаагындыгына карабай угуп отурганы сүрөттөлгөн. Ошондогу Айтматовдун Саяктай менен мурдараактагы жолуккандагы эскерүүсү да көрсөтүлгөн. Анда төмөнкүдөй берилет:

Бул окуядан илгерээкте өткөн дагы бир кызык учур эсимде калыптыр. 1959-жылы Москвадан окууну бүтүп, элге жаңыдан кайткан кезим. Саякбай Каралаев, Карамолдо Орозов сыяктуу кыргыздын аты чулу алптарын чакырып, атайын жолугушуу өткөрүлдү. Угуучулар жалаң кыргыздар эмес, арасында орус, немец аралаш түрдүү улуттун өкүлдөрү бар эле. Ал эми манасчылар менен өнөрпоздордун көпчүлүгү орусча билишпейт. Эки ортодо котормочу болдум. Кезек Саякбайга келди.

- «Манасты» канча жашыңыздан баштап айта баштадыңыз? Алгачкы устатыңыз ким? Бир кишинин башына ушунча ташкындаган ырлар кантип баткан? дешип жыйындагылар суроону үстөкө-босток жаадырып жатышат.

- Бала кезимде кой кайтарып жүрүп бир теректин түбүнө уктап калыпмын,- деп баштады аңгемесин Каралаев. Бешим ченде ат дүбүртүнөн ойгонуп кеттим. Уйкулуу көзүмдү ачсам, туура мага карай бир аргымакчан зор алыбеттүү киши чымын-куюн болуп келе жатат. Колундагы найзасы күнгө чагылышып, жарк-журк этет. Тулпарынын эки көзү оттой жанып, ооздугун карс-курс чайнайт. Омуроолотуп келип тизгин тартты. Ашыкпай атынан түштү да:

- Эй бала, бул жатышың кандай? - деди.

- Уктап калыпмын.

Сенин оозуңа зор бакыт куюлат. Мындан ары сен «Манас» айтасың. Кана, ач оозуңду!

Оозумду ачсам алиги адам заарын бүркүп жибергени. Ак маржандай куюлган көбүктүн оозумда буркураганы ушунчалык, тумчугуп кала жаздадым...

А-бу дегиче, аттуу киши көздөн кайым болду. Мага жолуккан адам арбак, балким, кыдыр чыгар, ошондон баштап «Манасты» айтып кеттим, - деп жооп берди. [2,91б.]

Демек, муну менен окуучулар манас айтууну, талантты баалай билүүнү, ишенимдери, элдин ошол кездеги турмушунан кабардар болушат.

Биздин кыргыз элибизде жети атасын билбеген уул кул болот, кыз күң болот деп айтат. Ата-бабаларыбыз жети атанын балдары турмуш куруууга болбойт, тукум бузулат деген ишенимде болгон. Азыркы күндө ал ишенимге анча деле көңүл бурбай келишет. Бул келечектеги тукумдарыбыздын нукуралыгы бузулуусуна алып келет деген коркунуч бар. Буга 3-класстын адабий окуусундагы “Ак-кеме” повестиндеги үзүндү мисал боло алат. Буга биздин азыркы учурдагы көйгөйлөрүбүз себеп болуп жатат. Акыркы муундарыбызда жети ата деген түшүнүк жок болуп, өзүнүн туугандарын да таанproblem бараткан мезгил. Демек, бул кырдаалдан чыгуунун бир нече жолдору бар. Ага Бугу эне чыгармасындагы кыскача сюжет мисал боло алат.

**Жети Ата**

(“Ак кеме” повестинен үзүндү)

1. Балдар, силер жети атаңарды билесинерби?Атап бергилечи.
2. Жети атасын ар бир кыргыз билүүсү зарылбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар.

**1**.Бала шофер менен кызуу аңгемелешүүгө кирди
-Мен бардык машинелерди,бардык шоферлорду жакшы көрөм,-деди бала.
-Анын себеби эмнеде?-деп шофер кызыкты.
Машине жакшы да, күчтүү, ылдам. Бензиндин жытын жакшы көрөм.Шоферлор - мүйүздүү Бугу эненин балдары.
- Не дейт, не дейт бу бала?-жигит түшүнгөн жок,-Бугу эне дегенин эмне?
- Билбейсиңби?
- Жок, чырагым, мындай кепти эстей албай жатам.
- Сен өзүң кимсиң анда?
- Мен казакмын.Караганда шаарында турам,шахтерлордун мектебинде окуганмын.
- Жок, кимдин баласы болосуң дейм?
- Ата-энемдин баласымын.
- Аларчы?
- Алар да өз ата-энесинин балдары.
- Алардын ата-энесичи?
- Ой-ий, сен буларды сурай берсең, дүйнөнүн түбүнө жетпейбиз го.
- Мен мүйүздүү Бугу эненин балдарынын баласымын.
- Аны сага ким айтты?
- Атам айткан.
- Чырагым, сөзүңдү түшүнбөдүм,- деп солдат таң калды. Жанында руль кармап, жумшак орунда эпейип отурган бул делдең кулак, чоң баш балага назары түшүп солдат кызыгып калды. Бирок бала сураштыра келсе. Солдат өз уруусунун башталышы түгүл. Жети атасын так билбейт экен. Ага уялып калды. Айта келсе үч атага араң жетти. Андан нарычы?
- Жети атаңдын аттарын үйрөткөн жок беле атаң?-деди бала.
- Жети атандын аттарынүйрөткөн жок беле атаң?-деди бала.
- Ага эмне мынча тыңсык болдун? Жети адамды билбейм, бирок көрүп турасынго, эл катары жашап жүрөм.
- Атам айтат, адамдар ата тегин унутуп койсо, бузулуп кетет деп.
- Ким бузулат? Кишилерби?
- Ооба.
- Эмне үчүн?
- Анда, -дейт атам, -баары бир балдарым, балдарымын балдары билбей калат деп, адамдар арам иштен жийиркенбей, тартынбай калат деп, адамдарга жакшылык кылбай калат-дейт....
- Аа укмуш экен сенин атаң,- деп шофер жигит чын ниетинен таң калды. – Кандай ажайып адам. Атаң сенин бул казан башыңды эч нерсеге арзыбаган дүйнө менен толтуруп бүткөн экен. Кулагын да мыкты экен, биздин полигондогу локатырдын өзү ... Сен коп эле атанды тыңдай бербе. Атан карангы, маданиятсыз кишиго...[5,82,83]

“Мугалим түбөлүктүүлүккө тийип жатат”: анын таасири кайда бүтөөрүн эч ким айта албайт. Чыңгыз Айтматов биздин эл менен тыгыз байланышта, анткени ал өзүнүн чыгармаларында таланттуу, көркөм, өзүнө мүнөздүү адамгерчилиги менен карапайым элдин жашоосун, жашоо-турмушун, тилектерин жана үмүтүн зор урматтоо жана боорукердик менен баяндап, күнүмдүк эмгегинде жана түйшүгүндө оор бакыт бар экенин көрсөткөн. Ал булактан шыктангандай, күнүмдүк жашоонун чыныгы сүрөттөрүндө болгон. Балким, ошондуктан анын чыгармачылыгы менин кыялымда күчтүү эмен дарагы менен байланышкан, тамыры жердин тереңинде, ным менен азыктанган. Анткени, анын китептери, тарабынан угууга, сезүүгө же тескерисинче, жалбырактары, шамал сыяктуу ойлорун автордун — чыгармачылыгына карата берилди жана маселеси: "А эмне болот мени менен, эли менен, адамзаты менен?", же болбосо көп жуунгандан кийин ээн калган жолоочу келип, кең сөңгөктү кучактап, жерден чыккандай жөнөкөй, адамдык акылмандыкка киресиң.

Өз макалаларында ал көп учурда мугалимдердин эмгеги жөнүндө ой жүгүртөт. "Биз мугалимдик кесипке мурдагы, жогорку аброюн кайтарышыбыз керек. Менин мектепте окуп

жүргөн кезимде мугалим кандай болгонун эстесем, ал маанилүү фигура, жалпысынан кадыр - барктуу адам - акылман, жардамчы, кеңешчи, анын пикири балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелеринде гана эмес, турмуштагы олуттуу көйгөйдү чечүү керек болгондо ага кайрылышкан. Айтуудан коркпойм- бул кулк мүнөзү болчу. Баары мугалимдин талашсыз бийлигин кантип жандандырууну жакшылап ойлонушу керек деп ойлойм".

Ч.Айтматовдун Шекер мектебиндеги алгачкы мугалимдеринин бири Инкамал Жолоева болгон, анын эскерүүлөрү боюнча, болочок жазуучу жандуу, изденүүчү жана чечкиндүү, кол жазмасы кооз бала болгон, ошондуктан ал мектеп дубал гезиттерин чыгарууга көп тартылчу. Менен Инкамал апа биз "Эрте келген турналар" повестинин биринчи беттеринде жолугабыз, анда география сабагында ал окуучуларга Индиянын жээгине жакын жердеги жомоктогудай Цейлон жөнүндө айтып берет.

Ошондой эле, жазуучу "Биринчи мугалим"повестинде жыйырманчы жылдардагы коммунисттин жаркын элесин жараткан. Дүйшөн баатыр табигый каприздер менен да, кээде аны шылдыңдаган катаал жана башка учурларда ырайымсыз адамдар менен да жалындуу күрөшөт жана ал өзүнүн мобилдүү эмгегин күн сайын өжөрлүк менен аткарат. Ал билимдүү болуунун маанилүүлүгүн түшүнөт, балдардын сонун келечегине ишенет. Андан кийин, көп жыл өткөндөн кийин, анын окуучусу академик Алтынай Сулайманова катында бир дагы окуу китеби жок, окутуу методикасы жөнүндө түшүнүгү жок бул сабатсыз жигит эч нерсени билбей туруп, эрдик жасап, шакирттерине мурда укпаган жаңы дүйнөнү ачып бергенин жазат.

Жазуучу жалпысынан алганда мугалим да, сөз аркылуу жүрөккө кирип, адамзаттын оорулуу темаларын көтөрүп, акыл - эске азык берип, айткан сөздөрү менен толкунданткан-өз каармандарынын ички дүйнөсүнүн диалектикасын көркөм тактык менен ачып бере алган Чыңгыз Айтматов да ошондой. Алтынайдын ролун аткарган Наталья Орунбасарова өз маектеринде: "Чоң театрда да мыкты мугалимдерим бар эле, Герасимовдо Вгикада окуп жүргөндө, бирок Чыңгыз Төрөкулович өзгөчө орунду ээлейт, аны Башкы мугалимим деп эсептейм", - деп бөлүшөт. Чечен Республикасынын Жазуучулар союзунун төрагасы Кант Ибрагимов да ушундай пикирде: "Чыңгыз Айтматов менин адабияттагы биринчи мугалимим болчу, бар жана түбөлүккө кала берет. Анын китептери бардык убактагы эң мыкты 100 китептин тизмесине кирүүгө татыктуу экени талашсыз. Анткени ал өзү жана элдик оозеки чыгармачылыкка негизделген адабияты- ар бир адам үчүн гуманизмдин, руханий туруктуулуктун жана адеп-ахлактын окуу китеби". Жазуучунун чыгармалары дүйнө жүзүндө канчалаган адамдардын жашоосуна жардам берип, адамгерчиликке жана жакшылыкка сабак болуп калганын элестетүү да мүмкүн эмес.

Атактуу мекендешибиз казак жазуучусу Калтай Мухамеджанов менен биргеликте жазган "Фудзиямага көтөрүлүү" пьесасында да мугалимдин образына кайтты. 70-жылдардын башында спектакль Москвадагы "Замандаш" театрында салтанаттуу жүрүшүн баштаган. Ал союздук республикаларда гана эмес, Лондондо, Вашингтондо жана албетте Токиодо да коюлган. Спектаклдин каармандары аялдары менен эски достору жана алардын улгайган мугалими Айша апа. Бул спектаклде ал эң бийик жана толук мүнөзгө ээ, адеп-ахлактык тюнинг, баатырлардын руханий жол көрсөткүчү, бирок алардын үстүнөн көтөрүлүп, өткөндөгү тагдырлуу каталарды көрүп, "адам кандай адам болот" деген сөздөр ушул спектаклде жаңырат. Бул спектакль: достук жана чыккынчылык, кылмыштуу жымжырттык жана ар бир муундун өзүнүн "Фудзиямасы" бар экендиги жөнүндө.[3,56]

Мугалимдин ролу жөнүндө ой жүгүрткөн Ч.Айтматов мындай деп жазган: "Менин оюмча, педагогикалык жогорку окуу жайларга кабыл алуу эрежелерин өзгөртүүгө мезгил келди: кокус адамдардын болушу - бул кесиптин ички көйгөйү. Мугалим жыйырма жылдан кийин биздин руханий жашообузду жана жалпысынан айланабызда боло турган нерселердин бардыгын педвузаларда кайдыгер карабагандарды даярдайт".

Ал эми "маданияттын алдыңкы сабында" калуу үчүн мугалим өз ишин өзгөртүп, шаблондук ыкмалардан жаңы ыкмаларга өтүшү керек, өз ишин башка, жаңы ачкычта рейтингдеши керек жана иште негизги стимул өзүн-өзү окутуу болушу керек. К.Д.Ушинский

жазгандай: "мугалим окуганга чейин жашайт. Окууну токтоткондон кийин, анда мугалим өлөт".[4,56]

Чыңгыз Төрөкулович мугалимдер тууралуу макалаларында: "мугалимдик — өлкөнүн улуу күчү. Мугалимдиктин руханий потенциалы биздин жашообузда көп нерсени аныктайт. Билимдин, маданияттын, мекенчилдиктин башаты мугалимдин күнүмдүк, түздөн-түз кубанычы менен балдардын аң-сезиминде түптөлөт. Эгерде тарбиячы жөнөкөй, кесиби жок, педагогдун жүгүн аркалаган адам эмес, баш тамга менен жазылган мугалим болушун кааласак, бул кесиптин профессионалдык жана социалдык кадыр-баркын көтөрүүгө жардам берүү баарыбыздын милдетибиз".

Генри Адамстын мугалим түбөлүктүүлүккө тийип, анын таасири кайда бүтөрүн эч ким айта албайт деген сөздөрү макалага эпиграф катары тандалып алынганы бекеринен эмес. Ал тургай Уинстон Черчилл мектеп мугалимдеринин күчү бар деп жазган премьер-министрлер кыялдана алышат, бирок биз мугалимдер гана бул бийликти кантип туура бөлүштүрүү жөнүндө ойлонушубуз керек, жакшы үрөн себүү, балдарга оң таасир берүү, анткени окуучулар менен биз чечкиндүү, окуган, ойногон, психологиялык жактан акылдуу, катаал жана боорукер, талапчыл жана сабырдуу болушубуз керек.жана эң негизгиси, биздин асыл ишибизге кайдыгер болуп, мугалимдин наамына дал кетирбөө керек.

**Корутунду:** Жыйынтыктап айтканда Ч. Айтматовдун чыгармалары келечек муунду кыргыздын нарктуулугу менен тарбиялоого абдан зор салымын кошот. Кыргыздын келечеги жаштардын колунда, демек жети атасын таанып билүүгө жана жазуучубуздун Ак кеме повестиндеги чыгармасы мисал боло алат.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Акматали Алимбеков, Кыргыз этнопедагогикасы: I бөлүк: Респ.мугалим.адистик берүүчү жогорку, орто окуу жайларынын студ.үчүн окуу куралы. - Б.:1996,-69 б.
2. Рысбаев Сулайман Казыбаевич, Ибраимов Кенже, Абдухамидова Батма Абдуакимовна, Адабий окуу, Кыргыз орто мектеринин 4- класстары үчүн окуу китеби, Б., 2015
3. Волков Г. Н. Этнопедагогика -Чебоксары, 1974.
4. Кыргыздар: санжыра, тарых, салт. I-II китептер -Бишкек,1991.
5. Абдухамидова Б.А. ж. б. А13 Адабий окуу: 3-класс үчүн окуу китеби. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2014. – 184 б., сүрөттөрү менен.

**УДК:37.02**

# «БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИНИН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ» ТҮШҮНҮГҮНҮН ӨНҮГҮШ ЭВОЛЮЦИЯСЫ
# ЭВОЛЮЦИЯ РАЗВИТИЯ КОНЦЕПЦИИ "ТЕХНОЛОГИЧЕСКАЯ КУЛЬТУРА БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ"
# THE EVOLUTION OF THE CONCEPT OF "TECHNOLOGICAL CULTURE OF FUTURE PRIMARY SCHOOL TEACHERS"

***Маткасымова Минавар Осмоновна***
***Ош мамлекеттик педагогикалык университети***
***minavar68@gmail.com***
***https://orcid.org/0009-0002-7870-7535***

**Аннотация:** Илимий түшүнүктөрдүн мазмунунун өзгөрүшү илимий ойдун өнүгүүсүн көрсөтүп, билимдердин жаңы багыттарын аныктоого өбөлгө түзөт. Бул эмгекте «Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын» калыптандыруу түшүнүгүнүн